кыргыз - قرغيزي - 01/15



# Мухаммед пайгамбар ﷺ деген ким болгон жана ал бизге эмнени үйрөткөн?

Шейх доктор Хейсам Сархандын түшүндүрмөсү
Мурда пайгамбардын мечитинде мугалим болгон
жана азыр "Сүннөт" институтунун жетекчиси

Кодду сканерлөө - **sarhaan.com**

## Мухаммед пайгамбар ﷺ деген ким болгон жана ал бизге эмнени үйрөткөн?

- Ал 1400 жыл мурун адамзаттын акысын коргогон .

- Ал  эркек-аялын, кичинекей же алсызын бөлбөстөн, баарынын укугун коргоп келген.

- Ал айбанат же өсүмдүктөргө, ал тургай тоголок жерге да кам көрүүгө үндөгөн.

- Ал бизге көркөм мүнөздүү болууну буйруп, туугандар жана кошуналар ортосундагы мамилени ирээттеп берген.

-  Ал мусулман жана мусулман эместердин ортосундагы жашоо-турмуш мамиле куруунун негиздерин түптөп кеткен.

- Ал үй бүлөдөгү ич ара мамилени, ата-эненин акысына өзгөчө кепилдик берилгидей кылып ирээттеп, балдарына болсо ошол акысын орундатууну милдет кылды.

## Мухаммед пайгамбар ﷺ деген ким болгон жана ал бизге эмнени үйрөткөн?

- Ал зулумдукту тыйып, адамдарды адилеттүү болууга, бири-бирин жакшы көрүп, жардам берип жана жакшы иш жасоодо колдоо көрсөтүп турууга чакырган.

- Ал муктаждарга жардам берип, ооругандарды зыярат кылып, бири бирине сүйүү менен мамиле кылып, ак ниеттүү болууга чакырган.

- Ал мусулмандарга: уурулук, алдамчылык, киши өлтүрүү жана адилетсиздик сыяктуу терс көрүнүштөгү жоруктарды тыйган.

- Ал биздин жашообузду жана адаттарыбызды оңдогон адам.

- Ал мусулмандарды уурдабагыла деп үйрөткөн.

- Ал мусулмандарды калп айтпагыла деп үйрөткөн.

- Ал мусулмандарды мас кылуучу ичимдиктерди ичпегиле деп үйрөткөн.

## Мухаммед пайгамбар ﷺ деген ким болгон жана ал бизге эмнени үйрөткөн?

- Ал мусулмандарды зынаа кылбагыла деп үйрөткөн.

- Ал мусулмандарды алдабагыла деп үйрөткөн.

- Ал мусулмандарды бейкүнөө адамдар менен согушпагыла деп үйрөткөн.

- Ал мусулмандарды кошуналарга жакшы мамиле кылгыла деп үйрөткөн, жада калса алар каапыр болсо дагы.

- Ал мусулмандарды ата-энеңерге жакшы мамиле кылып, кызмат кылгыла, алар башка динде болсо дагы деп үйрөткөн.

- Ал мусулмандарды кичүүлөргө, аялдарга, алсыздарга жана карыларга ызат мамиле кылгыла деп үйрөткөн.

- Ал мусулмандарды адам жана айбанатка кыйынчылык көрсөтпөгүлө жана айлана чөйрөгө зыян тийгизбегиле деп үйрөткөн.

## Мухаммед пайгамбар ﷺ деген ким болгон жана ал бизге эмнени үйрөткөн?

- Ал мусулмандарды өмүрүнүн аягына чейин өз жубайларын сүйүп, аларга мээримдүү болууга жана балдарына кам көрүп, аларга боорукерлик кылууга үйрөткөн.

- Ал мусулмандарга эч качан өз балдарыңар менен мамилеңерди үзбөгүлө, алар чоңоюп бойго жетсе дагы деп үйрөткөн.

- Ар бир мусулман Мухаммадты ﷺ бардык макулуктардан артык жакшы көрөт.

- Муса жана Ыйса пайгамбарлар (аларга Аллахтын саламы болсун) өз коомдорун ал жөнүндө кубанычтуу кабар менен маалымдашкан.

- Ар бир мусулман Муса жана Ыйса пайгамбарларды жакшы көрөт (аларга тынчтык болсун), жана алар эң урматтуу пайгамбарлардан деп ишенишет (аларга тынчтык болсун).

- Мухаммед ﷺ пайгамбар арабтарга эле эмес, бардык улуттарга жөнөтүлгөн.

## Мухаммед пайгамбар ﷺ деген ким болгон жана ал бизге эмнени үйрөткөн?

- Анын削 дининде араб жана араб эместер бир гана такыбалык менен айырмаланышат.

- Чындыгында ал - Мухаммед ﷺ жана ал Аллахтын элчиси.

- Бардык мусулмандар Мухаммедти ﷺ эмнеге жакшы көрөт экенин билип алдыңызбы?

- Мухаммед ﷺ мусулмандар үчүн кандай даражада экендигин билип алдыңызбы?

Аллахтын элчиси Мухаммед тууралуу көбүрөөк билгиңиз келсе, төмөнкү баракчаларга өтүңүз.

Шейхтин сайты

sarhaan.com

Сүннөт институту

mahadsunnah.com